# Мен сени менен ойногум келбей калды



Автор: Канн Хали

Сүрөтчү: Ин Коемян

Которгон: Назира Сартбаева

# Мен сени менен ойногум келбей калды

Автор: Канн Хали
Сүрөтчү: Ин Коемян
Которгон: Назира Сартбаева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2024

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Мен сени менен ойногум келбей калды" (кыргыз тилинде), Назира Сартбаева тарабынан которулуп адаптацияланган. *I Do Not Want to Play With You Anymore* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Kann Khali жана сүрөтчүсү Khin Koemian. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2021-жылы CC-BY-NC-4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://www.letsreadasia.org/book/dc03a5d6-e1df-4bf4-b7ac-f2fca7d6b4ef?bookLang=4846240843956224

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бона жана Нари – классташтар. Андан тышкары, алар достор жана кошуналар. Алар бири-бирине абдан жагат.

– Кел чогуу секирип ойнойбуз, – деп сунуштады Бона Нариге.





Бирок Нари башын чайкады.

– Бүгүн болбойт. Мен ойногум келбей жатат. Китепканага барып китеп окуйм.

Бона Нариге таарынып калды. Нари аны менен ойногондун ордуна китепканага барганы ага жакпайт.

Нари кетип калганда Бона башка достору менен ойногону жөнөдү.





– Нари, сен ушунчалык жакшы окуйсуң. Быйыл көркөм окуучулар сынагында жеңишке ээ болоруңа ишенем, – деди мугалим.

Бонанын дароо ичи күйдү. Көрө албастык сезими пайда болду.

– Нари анчалык деле мыкты көркөм окуучу эмес. Сынакты мен деле ута алмакмын, – деди ал ичинен.





Бонага Нари андан жакшы окуганы жаккан жок.

Мугалим аны эмес, Нарини мактаганы ага ого бетер жагымсыз болду. Нари китепканада көбүрөөк убакыт өткөрсө эмне экен?

Мен мындан ары сени менен ойногум келбейт. Сени менен үйгө чогуу барууну да каалабайм!





– Мен туура эмес бир нерсе кылдымбы? – деп Нари түшүнбөй калды.

Бона эч нерсе деп жооп берген жок. Ал жөн гана шарт бурулду да, кетип калды.

Ошол түнү Бона уктай албай жатты. Ал көркөм окуучулар сынагын ойлоп, нары-бери оонап, кыйналып жатты.

Ал Наринин жеңишке жетүүсүн каалаган жок.





– Көркөм окуучулардын сынагына жазылууга убакыт келди. Катталуу үчүн эки же андан ашык катышуучулардан турган командага биригишиңер керек. Сынакка ким катышкысы келет? – деп эртеси күнү мугалим класска кайрылды.

Бона дароо колун көтөрдү.

– Мисс Ромдул, – деди Бона, – мен да сынакка катышкым келет.

Бардыгы таң калып, Бонага ишенбей карап калышты.






– Мисс Ромдул, мен сынакка Бона менен бир командада катышкым келет, – деди Нари.

Бона муну күткөн эмес. Бул жөнүндө көпкө чейин ойлонуп жүрдү. Эмне үчүн Нари аны тандады?





– Эмне үчүн сен мени өзүңдүн командаңа тандадың? Мен сендей көркөм окуй албайм го, – деди Бона танаписте Нариге келип.

– Анткени сен менин эң жакын досумсуң! – деп жооп берди Нари жылмайып.

Нари Бонаны китепканага чакырганда ал барбай койгонун эстеди.

Мындай учурларда Нари китепканага жалгыз барчу. Бона китепканага баргысы келбегенде, Нари эч качан ага таарынчу эмес.





Бона жылмайды. Мындан ары ал Нари үчүн эң мыкты дос болот.

Ошондон бери Бона менен Нари чогуу ойношот. Чогуу китеп окушат.















АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Канн Хали
Сүрөтчү: Ин Коемян
Которгон: Назира Сартбаева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли